«БЕКИТЕМИН»

Тоо-кен технологиялык колледжинин директору

Аракеев М.У. ________

« » ____________2023ж.

«МАКУЛДАШЫЛДЫ»

тарбия иштери боюнча директордун орун басары

Райышов А.К. ________

«22» сентябрь 2023ж.

**2023-2024-окуу жылында ПГк-9-1-22, ПГк-11-23,ПГк-9-23, ПГк-11-1-22 тайпалардын студенттерине өткөрүлүүчү тарбиялык иштердин планы**

| | Иштин мазмуну | Аткаруу мөөнөтү |
|---|---|---|
| 1 | 2023-2024-окуу жылында ПГк-9-1-22, ПГк-11-23,ПГк-9-23, ПГк-11--22 тайпаларынын студенттерине тиешелүү төмөнкү маселелер боюнча чогулуш өткөрүү<br>1. Катышуу<br>2. Окуу акысын төлөө<br>3. Жетишүү<br>4. Жүрүш- туруш | Жыл бою |
| 2 | 1. Өрт коопсуздугу, жолдо жүрүү эрежелери, техникалык коопсуздук жөнүндө маалымат берүү<br>2. Китепкана менен таанышуу | Сентябрь |
| 3 | Мамлекеттик тил күнү: "Кыргыз тили-кыргыз маданиятынын очогу" | Сентябрь |
| 4 | 1. Медициналык кароодон өтүү<br>2. Тамекинин зыяндуулугу | Октябрь |
| 5 | 5- октябрь Мугалимдер күнү: "Мугалим- мөмөлүү дарак" | |
| 6 | 1. Ч.Айтматовдун 95 жылдыгына карата иш-чара: Айтматов ааламына саякат<br>2. 17-ноябрь Студенттер күнү | Ноябрь |
| 7 | 1. СПИД жөнүндө маалымат берүү<br>2. Ч.Айтматовдун 95 жылдыгына карата иш-чаранын жыйынтыгы<br>3. Жыл жыйынтыгы жана Жаңы жылдык кече | Декабрь |
| 8 | 1.Биринчи жарым жылдыктын жыйынтыгы<br>2.Геологиялык музей менен таанышуу | Январь |
| 9 | 1. 21- февраль Эне тил күнү<br>2. Кумар оюндарын алдын алуу боюнча иштерди жүргүзүү<br>3. 23-февраль Ата Мекенди коргоочулар күнүнө карата иш чара | Февраль |
| 10 | 1. 5- Март Ак калпак күнү<br>2. 8- Март Аялдардын Эл аралык күнү<br>3. 21-Март Нооруз майрамы | Март |
| 11 | 1.Тазалык-бул өмүр (ишембилик)<br>2.Тарых музейине саякат жасоо | Апрель |
| 12 | 1. 9- Май Жеңиш күнү<br>2. Колдонмо геодезия багыты боюнча макет даярдоо | Май |
| 13 | Экинчи жарым жылдыктын жыйынтыгы | Июнь |

**2023-2024-окуу жылында ПГк-9-23, ПГк-9-22, 11-23 тайпалардын студенттерине өткөрүлгөн тарбиялык иштердин I жарым жылдыктагы отчету**

**Сентябрь**

2023-2024-окуу жылынын сентябрь айында иш планда белгиленгендей I курстун студенттерин колледждин тартиби жана абалы менен тааныштырылды. Группанын активдерин шайлап, өрт коопсуздугу, жолдо жүрүү эрежелери, техникалык коопсуздук эрежелери боюнча маалыматтар берилди.

а) Өрттүн чыгышы адам баласынын өмүрүнө коркунуч келтирип, олуттуу чыгымдарга алып келээри түшүндүрүлдү.

б) Жол белгилерин так билүүгө үйрөтүлдү жана сактоого милдеттүү экендиги жеткирилди.

в) техникалык каражаттар ишке жарактуу болушун, ток булагын иш башталганда гана туташтыруу зарылдыгын, техникалык каражаттар жетекчиликтин көзөмөлүндө колдонуу тийиштигин түшүндүрүлдү.

23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүнө карата **«Кыргыз тили-кыргыз маданиятынын очогу»** деген темада иш-чара өткөрүлдү. Иш-чарага 1-2-курстун студенттери катышышып, өздөрүнүн таланттарын көргөзүштү. Концерттик программа сценка көргөзүлүп башталып, ырлар, бийлер, көркөм окуу менен коштолду.

**Октябрь**

Колледждин иш планында көрсөтүлгөндөй октябрь айында студенттер «Шаардык дарылоо-профилактикалык поликлиникасынан» толук текшерүүдөн өтүштү, ар бирине жекече карточка ачылып, зарыл болгон учурда келип дарылануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту.

Октябрь айында студенттер Т. Сатылганов атындагы улуттук Филармонияда өткөрүлгөн «Кумтөр» алтын кен ишканасына 30 жылдык маарекесине катышып, өздөрүнүн адистиги боюнча жакшы маалыматтарга ээ болушту.

Ошондой эле 5-октябрь "Кыргызстандын жаштары тамекиге каршы"деген темада конференция болуп, катышкан студенттерге сертификаттар берилди. Конференцияда спикерлердин катарында И. Раззаков атындагы КМТУнун тарбиялык иштер боюнча проректору

Мырзалиева М.А. жана Жогорку Кеңештин депутаты Исатбек кызы Аида болушту.

Октябрь айынын акыркы жумасында футбол боюнча мелдеш өткөрүлүп, алдыңкы спортко кызыккан балдарга сыйлыктар тапшырылды.

**Ноябрь**

Залкар жазуучу Ч. Айтматовдун 95 жылдыгына карата үй-музейине саякат уюштурулду. Студенттер Айтматовдун ааламына кирип, үй музейи менен таанышып келишти.

Ошондой эле студенттер майрамына карата чоң залда иш-чара өткөрүлдү жана аны утурлай волейбол боюнча студенттер, муалимдер арасында турнир да өткөрүлдү.

**Декабрь**

Декабрь айынын башында «СПИД-коркунучтуу дарт» деген темада кураторлук саат өткөрүлүп, оорудан алыс болууга, анын өмүргө коркуноч алып келээри түшүндүрүлдү.

Ч. Айтматовдун 95 жылдыгына карата улуу актёрлор Нургазы Сыдыгалиев, Чоро Думанаев, Насредин Дубашев менен студенттер арасында жолугушуу кечеси өткөрүлдү. Студенттер аткарган ролдору боюнча кызыккан суроолоруна жооп ала алышты.

1-курстардын арасында Аскерге чейинки даярдык сабагынан балдарды Мекенди сүйүүгө тарбиялоо максатында иш-чара өткөрүлүп, студенттердин сабакка болгон кызыгуусун арттырды.

26- декабрда жыл жыйынтыгы боюнча алдыңкы студенттерди сыйлоо аземине Тоо-кен технологиялык колледжинин 4 студенти катышып, окуудагы жетишкендиктери үчүн ректор Чыныбаев М. К.нын атынан ыраазычылык кат алып келишти. ПГк-9-22 тайпасынан Кулжыгачов Жоомарт да ушул сыйлыкка ээ болду жана ПГк-11-22 тайпасынын студенти Жапаров Кутман ректордун стипендиясын алды.

Тоо-кен технологиялык колледжи 2022-2023-окуу жылын жыйынтыктап жатып окуунун алдыңкылары, алдыңкы спортсмендер, таланттуу студенттер, активист студенттер, патриот студенттер администрациянын атынан ыраазычылык кат менен сыйланышты.

Куратор: Казакова Э.К.